УДК 37.377
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-219-222

**КЕЛДИБАЕВА Н.А.**
Ош көп профилдүү колледжи
**КЕЛДИБАЕВА Н.А.**
Ошский многопрофильний колледж
**KELDIBAYEVA N.A.**
Osh multi-profile college

# К.АРТЫКБАЕВДИН ОКУУ КИТЕБИНДЕГИ 1941-1945-ЖЫЛДАРДАГЫ ПРОЗА ЖАНРЫН ЛЕКЦИЯДА «ЗИГЗАГ» ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ СТРАТЕГИЯЛАР МЕНЕН ОКУТУУ

# ИЗУЧЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПРОЗАИЧЕСКОГО ЖАНРА ПЕРИОДА 1941-1945 ГОДОВ ПО УЧЕБНИКУ К. АРТЫКБАЕВА НА ЛЕКЦИИ ПО МЕТОДУ «ЗИГЗАГ» С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ИНТЕРАКТИВНЫХ СТРАТЕГИЙ

# TEACHING THE PROSE GENRE OF 1941-1945 IN K. ARTYKBAEV'S TEXTBOOK IN THE LECTURE WITH "ZIGZAG" AND INTERACTIVE STRATEGIES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада проза жанрын лекцияда «Зигзаг» жана интерактивдүү стратегиялар менен окутуу процессинде колдонуунун жана уюштуруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө баяндалат. Согуш мезгилинде проза жанрынын аңгеме, очерк, публицистика сыяктуу оперативдүү түрлөрү орчундуу орун ээлеген. Анткени анын объективдүү себептери бар болчу. Ага мезгил талабына ылайык чоң көлөмдүү чыгарма жазып отурууга биринчиден убакыт тар болсо, экинчиден шартка жараша кичинекей жанрдагы (жогорудагы) чыгармаларды окуп отурууга убакыттын жоктугу буга себеп болгон. Ушундай зарыл шарттардан улам согуш мезгилиндеги акын жазуучуларыбыздын чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгү очерк, аңгеме, публицистика түрүндө жазылгандыгын А. Токомбаевдин, Ж. Бөкөнбаевдин, К. Жантөшевдин, К. Баялиновдун, Ж. Турусбековдун, М. Элебаевдин, Т. Сыдыкбековдун очерк, аңгемелерини идеялык мазмунун жана тарбиялык маанисин чагылдырып берүү макалабыздын максатын туюндурат. Ал эми анын актуалдуулугу 47 миллион жоокерлерин жоготкон совет элинин адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн эрдиги коомдук формациянын кандай мезгилинде болбосун аны көркөм даңазалоо актуалдуу боло тургандыгы.

**Аннотация**: В статье рассмотрены особенности использования прозаических произведений в учебном процессе (на лекциях по методу «Зигзаг» с использованием интерактивных стратегий) и оперативных жанров прозы (рассказ, очерк, публицистика). Большинство произведений кыргызских поэтов и писателей в годы Великой Отечественной войны было написано в жанре очерков, рассказов и публицистики. Причины популярности коротких жанров в военное время заключаются в нехватке времени для написания и чтения больших произведений. Статья нацелена на отражение воспитательного значения и актуальность прославления мужества и храбрости советского народа, потерявшего 47 миллионов людей в борьбе за справедливость.

**Abstract:** The article describes the features of the use and organization of the prose genre in the lecture "Zigzag" and the teaching process with interactive strategies. During the war, operative types of prose genres such as stories, essays, and journalism occupied an important place. Because he had objective reasons. The reason for this was, firstly, the lack of time to write a large-scale work in accordance with the **requirements** of the times, and secondly, the lack of time to read works of a small genre (above) depending on the conditions. Due to such necessary conditions, almost the majority of the works of our poets and writers during the war were written in the form of essays, stories, and journalism. Reflecting the educational value is the purpose of our article. And its relevance is the artistic glorification of the bravery of the Soviet people who lost 47 million soldiers fighting for justice in any period of social formation.

**Негизги сөздөр:** проза жанры; согуш мезгили; очерк; аңгеме; объективдүү; даңазалоо; оперативдүү; орчундуу.

**Ключевые слова:** жанр прозы; военное время; очерк; повесть; цель; прославление; оперативный; критический.

**Keywords:** prose genre; wartime; essay; story; objective; glorification; operative; critical.

**Киришүү** К. Артыкбаевдин «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» жогорку жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китебиндеги 1941-1945-жылдардагы проза жанрынын өнүгүү абалы туралуу обзордук маалыматында А. Токомбаевдин, Ж. Бөкөнбаевдин, К. Жантөшевдин, К. Баялиновдун, Ж. Турусбековдун, М. Элебаевдин, Т. Сыдыкбековдун очерк, аңгемелери мезгил талабына ылайык согуш темасында жазылып жарык көргөндүгүн, алардын негизги идеялык мазмунунда Ата Мекенди коргоо, аны фашисттик баскынчылардан тазалоо, советтик жоокерлердин эрдиги, тылдагы күжүрмөн эмгек болгондугу идеялизацияланат жана бул жагдайдан алганда кыргыз прозасында согуш процесси жана тылдагы ал абалды оперативдүү түрдө кеңири планда көрсөтүү аракети болуп жаткандыгы. окумуштуу тарбынан белгиленет.

**Колдонулган методдор:** «Зигзаг l.ll», интерактивдүү стратегиялар.

**Изилдөөнүн объектиси:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында проза жанрынын изилдениши.

**Изилдөөнүн предмети:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында проза жанрынын өнүгүшүн профессор К. Артыкбаевдин «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» окуу китебине анализ жасоо, анын ийгилик, кемчиликтерин аныктоо жана улуттук адабият таануу илимибиздеги ордун интерактивдүү стратегияларды колдонуп окутуу аркылуу тастыктоо болуп саналат.

Аталган лекцияны окутуу үчүн адегенде аудиторияны сабакка даярдоо жана көңүл бурдуруу максатында “Ак баракка сыр ачуу” муз жаргычы колдонулат.

Интерактивдүү сабак үч этапта өткөндүгүнө байланыштуу адегенде биринчи этап катары сабакка чакыруу жасоо иретинде студенттерге: 1. Улуу Ата Мекендик согуш канчанчы жылдары башталып, канчанчы жылдары аяктаган? 2. Согуш мезгилинде жазылган кайсы акын жазуучулардын кандай чыгармаларын билесиңер? 3. Кайсы жанрдагы чыгармалар эсиңерде бар? деген сыяктуу суроолор берилип, ага жооп алынгандаан кийин, окутуучу студенттерден демек, силердин жообуңарга караганда бүгүнкү өтүлө турган лекциябыздын темасы кандай болот деген тыянакты бере аласыңар? деп кайрылуусунан кийин студенттер бүгүнкү өтүлө турган лекциянын темасы болжолдуу түрдө согуш мезгилиндеги проза жанры боло тургандыгын белгилешет.

Окутуучу студенттердин өтүлө турган тема боюнча пикирлеринин канчалык деңээлде объективдүү экендигин тастыктоо менен чындыгында бүгүнкү лекциябыздын темасы “1941-1945-жылдардагы проза жанры” экендигин аудиторияга жарыялайт. Андан кийинки окутуучунун аткаруучу иш аракети төмөндөгүдөй болот.

**1. этап**: Эгерде аудиторияда болжолдуу түрдө 25 студент болсо аларды 5 топко 5 тен бөлүүнүн керектиги.

**2 этап**: Биринчи топтогу 6 студентке лекциянын биринчи тынымын, экинчи топко экинчи тынымын, үчүнчү топко үчүнчү тынымын, төртүнчү топко төртүнчү тынымын, бешинчи топко бешинчи тынымын таратуу менен студенттердин лекцияны окуп чыгуусуна багыт берет. Ошол эле мезгилде эксперттик топтор беш топко ар бир тынымдын мазмунуна жараша суроолор жазылган эксперттик баракчаларды таратат.

**3-этапта**: студенттерге лекцияны окуп түшүнүш жана эксперттик баракчадагы суроолорго жооп даярдаш үчүн убакыт берилет.

**4-этапта**: Ар бир топ өздөрүнө бөлүнгөн тынымды окуп эксперттик баракчаларга жооп даярдап бүткөндөн кийин эми биринчи топко экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы топтон бирден студент, экинчи топко биринчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи топтон, үчүнчү топко биринчи, экинчи, төртүнчү, бешинчи топтон, төртүнчү топко биринчи, экинчи, үчүнчү, бешинчи топтон, бешинчи топко, биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү топтон бирден студент келип өзүнө бөлүнгөн тыным боюнча өздөрүнүн түшүнүктөрүн айтып, талкуулашып, эксперттик баракчаларга даярдаган жоопторун кайталашып бири-бирине түшүндүрүшөт. Натыйжада ар бир тынымдын жана эксперттик баракчалардагы суроолорго берилген жооптордун жана студенттер айткан тынымдык лекциянын мазмундук жыйынтыгы боюнча аталган теманын идеялык сюжети боюнча бирдей кенен түшүнүк алышат.

**5-этапта:** Эгерде студенттердин жогоруда “Зигзаг” стратегиясы боюнча аткарган иш аракеттерин чечмелей келсек, төмөндөгөдөй түшүндүрүлөт:

**1-топтогулар** бөлүнгөн лекциянын мазмунун оозеки речти өстүрүүчү “**Билдим, айтам. Сурасаң айтам”** стратегиясы боюнча

оозеки айтып беришет. Башкача айтканда лекциянын мазмунунда камтылгандай согуш мезгилинде проза жанрынын очерк, аңгеме, публицистика, сыяктуу оперативдүү түрлөрү көбүрөөк аракетке келгендигин аны совет адабиятынын масштабында согуш мезгилиндеги А. Фадеевдин “Жаш Гвардия”, романы, М. Шолоховдун “Алар Родина үчүн салгылашкан”, Л. Леоновдун “Великошумскини алуу”, К. Симоновдун “Күндөр жана түндөр”, А. Бектин “Волокаламск шоссеси” повесттери жазылгандыгы. Ал эми кыргыз прозасында атайын согуш темасын чагылдырган чыгармалар “Кыргыздын атактуу балдары” деген серияда басмадан жарыкка чыгарылып турган. Анда согуш темасына арналган аңгеме, очерктер жарыяланган. Ошолордун ичинен согуш мезгилиндеги прозабызды алдыга жылдырууга көмөкчү болгон аңгеме, очерктердин катарына А. Токомбаевдин “Ашырбай” аттуу очерки кирет. Анда Ата Мекендик Согуштун баатырларынын бири Ашырбай Коёнкозовдун эрдиктери баяндалат. Ал 138 фашисти жок кылып, 75 фашисти тирүү кармап келип тапшырган бул баатырдын окуялары чынында да легендарлуу, адам таң кала турган окуялар. Автор очеркти сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүн чеберчилик менен пайдалангандыгын өзү согушка барып Ашырбайдын эрдик иштери болгон жеринде иликтеп көрбөгөн сон, автор анын окуяларын өзү баяндабастан Ашырбайдын өзүнө айттырат. Бул жолку тапшырмаларда Ашырбайга душмандын танкаларынын санын так билип алардын кай жакка багыт алгандыгын аныктап келүү милдети жүктөлөт. Чалгынчылар бул милдети көп кыйынчылыктар менен аткарышат. А Ашырбайдын маңдайында күтүлбөгөн жерден эки фашист пайда болот. Ал дароо эле экөөнү эки жакка жаткыза чаап, туткунга алып, арттагы аттуу чалгынчыларга жеткизип берет. Ашырбай бул баянды кадыресе эле боло берчү окуядай, эч кандай майда-чүйдөсүнө токтолбой дүнүнөн гана айта салат. Анын баяндоо манерасынан эле ага таандык кээ бир мүнөз өзгөчөлүктөрүн байкоого болот. Майда-барат нерсени көп байкоо салбаган, ала көөдөнүрөөк, анча-мынча менсен-бөөчүүлүктүн да жышааны бар адамдай көз алдыга элестейт, мындайча айтканда эр жүрөк адамдарга мүнөздүү кээ бир касиеттердин бар экендиги сөзүнүн уюткусунан эле билинип турат. Албетте, Ашырбайдын баяндоолорунда анча-мынча болсо да апыртуу сыяктанган эпизоддор кездешет. Ал душманды “түлкү алган бүркүттөй атылып барып басып калат”. Жашынан фольклордук традицияда тарбияланып чоңойгон Ашырбайдын баяндоосунда элдик оозеки чыгармачылыктын таасири байкалат. Эмнеси болсо да бул очеркте баяндоочу өз образын өзү ачып өзүнүн эрдик иштеринен кадимкидей элестүү кабар бере алган. Айрым кем-кетиктер менен бирге очерктин өз жанрынын талабында жазылгандыгын автордун дурус аракети катары кароого болот.

Андан кийинки согуш майданына барып аны өз көзү менен көрүп келген Ж. Бөкөнбаев өзүнүн “Украина мейкининде” (1944) деген очеркин “жазуучунун чөнтөк дептери” деп аттоо менен очеркте эсте кала турган согуштук эпизоддор жана бир катар советтик адамдардын элестери сүрөттөлгөн. Бири көкүрөгүнөн, экинчиси бутунан жарадар болгон эки советтик жоокердин душман менен акыркы деми калганча салгылашып жатып курман болушкандыгы, он үч жашар Лиза деген кыздын атасы үчүн өч алып, немистердин мунарасына жашыруун чыгып советтик желекти илип койгон эрдиги, атасын атып, эки баласын үңкүргө тирүүлөй камап өлтүргөн фашисттердин мыкаачылыгы, дагы ушул сыяктуу бир катар эпизоддор бул очеркке камтылган.

Ошол эле автордун “Дүйшөнкул” аттуу очерки да дал ушул планда жазылган. Даңктуу Панфиловчу 28 баатырдын бири болгон Дүйшөнкул Шопоковдун басып өткөн өмүр жолу бир кыйла толук баяндалган.

Андан кийин К. Маликовдун “Ленинград согуш күндөрүндө”, С.Сасыкбаевдин “Нурлан” аттуу очерктери да ушул планда иштелип, жанрдын талабына аздыр- көптүр жооп бере ала турган деңгээлде жазылган. Ушул жагынан алганда К. Жантөшевдин “Чолпонбай” аттуу документалдуу аңгемеси кыргыз элинин баатыр уулу Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдик эпизоддун бир кыйла дурус элестеткендиги менен айырмаланат. Автор баатырдын башынан өткөн окуяларды санап отурбай, бир гана душмандын ДЗОТун жок кылуу боюнча командирден алган тапшырмасын орундатуу үчүн болгон аракетин толугураак көрсөтүүгө аракетенет да, ошол ажал менен бет-бет кармашкан өтө оор кыйчалыш эпизоддогу Чолпонбайдын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын ачып берет.

Андан кийинки фашисттик баскынчылардын образдарын элестүү ачып берген аңгеме-этюдга Ж. Турусбековдун

"Айласыз кезигишүүсү" кирет. Анда ырайымсыз, мыкаачы советтик элдин дүнүйө-мүлкүн талап алуу максаты чагылдырылса, К. Баялиновдун "Ал эми жетим эмес", Ж. Турусбековдун "Таза жүрөктөр сокkондо", аңгемелери фронттун да, тылдын да турмушун көрсөтүүгө байланыштуу жазылган. Ушундай эле темадагы очерк, аңгемелерге М. Элебаевдин "Алыскы тоодон" очеркин, "Соңку бир түн", "Жолдо" аңгемесин, Т. Сыдыкбековдун "Пайдага чечилген чатак" аңгемелерин [1, 158-б.,162-б.] көрсөтүүгө болот деп баяндап беришет. Ал эми

**2 топ** аталган тапшырманы Венндин диаграммасын. [5, 207-б.]

**3-топ** Концептуалдык карта [2, 23-б.] стратегиясын**.**

**4-топ** Интервью стратегиясын.

**5-топ** Тегерек стол [3, с. 25] стратегиясын, колдонуу менен лекциянын мазмунун ачып беришет.

Окутуучу студенттердин жоопторун угуу менен алардын ойлорунун канчалык деңгээлде туура экендиктерин, жана алардын презентацияларынын деңгээлине жараша өз пикирин билдирип сабакты жыйынтыктайт.

**Корутунду** Натыйжада, аталган теманы интерактивдүү оозеки речти өстүрүүчү стратегияларды колдонуу менен окутуу аркылуу студенттер: Бирин-бири окутушканга, системалуу ой айтканга, биринин оюн экинчиси урматтаганга, тапкычтыкка, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүргөнгө, ар кандай темадагы лекциянын логикалык композиясын сактай билгенге, жөнөкөйдөн масштабдуу жыйынтык чыгарганга, эске тутуу, элестетүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө, натыйжалуу кабылдаганга, берилген маалыматты оозеки айтканга, жазганга үйрөнүшөт. Демек мындай күтүлүүчү натыйжанын ишке ашуусуунан улам максатталган К. Артыкбаевдин окуу китебиндеги "1941-1945-жылдардагы проза жанрын "Зигзаг" жана интерактивдүү стратегиялар" аркылуу окутулган лекциябыз максатына жетти деген жыйынтыкка келсек болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Артыкбаевдин К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: жогорку жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. 2-бас. – Бишкек: “Турар”, 2015, 158, 162-бб.
2. Низовская И. Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу: программасынын сөздүгү. – Бишкек, 2003, 23-б.
3. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Основы развития критического мышления: Пособие 1. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998, 25-б.
4. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Дальнейшие методы, способствуюие развитию критического мышления: Пособие 2. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998.
5. Үкүева Б. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору: Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек: “Полирафбумресурсы”, 2022, 207-б.

**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Үкүева Б.К.**